**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы**

**ЧЕЧИМ № 56**

Базар-Коргон шаары 2021-жылдын 03-майы

"Арстанбап айылдык кенешинин №1 Арстанбап шайлоо округундагы №2157 Арстанбап, №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округундагы №2158 Ю.Исламов шайлоо участогунда кайра добуш берүүнү дайындоо жөнүндө"

2021-жылдын 10-апрелинде №2 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округунан депутатыкка талапкер М.Мамадалиев, 2021-жылдын 13-апрелинде Арстанбап айылынын тургуну Э.Миркамилов арыз менен кайрылышып, арызда №2157, №2158 шайлоо участокторундагы контролдук тизмедеги шайлоочулар акыркы тизмеде өздөрү жашаган шайлоо участогунан №2378, №2398 шайлоо участокторуна белгисиз себептерден улам жылдырылып калгандыгын билдирип, маселени мыйзам чегинде чечип берүүнү суранышкан. Бул маселе боюнча системалык администратор Ч.Жамгырчиевдин түшүнүк катында "2021-жылдын 25-мартында Арстанбап айыл өкмөтүнүн №1 Арстанбап шайлоо округунун (№2157 Арстанбап) 258 шайлоочусун №2 Үч-Булак шайлоо округуна (№2378 Үч-Булак), №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округуна (№2158 Ю.Исламов, №2398 Кош-Терек) жылдыруу боюнча берген тизмесинин негизинде системада жылдырылгандыгын билдирген. Системада "адреса с правильными УИК" бөлүгүндө көрсөтүлгөн дарек боюнча участкаларга олтургузууда жогоруда көрсөтүлгөн шайлоо участкалары бир айылда жайгашкандыктан шайлоо участкокторундагы номери жок үйлөрдөгү 231 шайлоочу бир дарекке байлангандыктан техникалык себептерден улам кошо жылдырылып калган.

Натыйжада, 231 шайлоочу өздөрү жашаган шайлоо участогунда, өздөрүнө тийиштүү шайлоо округунан көрсөтүлгөн талапкерлерин шайлоо укуктарынан ажыратылган. Бул көрсөтүлгөн фактылар боюнча Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 16-апрелиндеги №44-чечими менен №2157 Арстанбап, №2158 Ю.Исламов шайлоо участокторунда жергиликтүү кенештердин депутаттарын шайлоодо добуш берүүнүн жыйынтыктары жокко чыгарылган.

Жогоруда баяндалган 231 шайлоочунун шайлоо укуктарын калыбына келтирүү максатында, "Жергиликтуу кенештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 38-беренесинин 5-пунктуна ылайык Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясы

**ЧЕЧИМ КЫЛАТ:**

1.Арстанбап айылдык кенешинин аймагындагы №2157 Арстанбап, №2158 Ю.Исламов шайлоо участокторунда катталган талапкерлер боюнча кайра добуш берүү 2021-жылдын 16-майында (жекшемби) өткөрүлсүн.

2.№2157 Арстанбап, №2158 Ю.Исламов шайлоо участокторунда шайлоочулардын тизмелерин тактап чыгуу Арстанбап айыл өкмөтүнө жана БШКнын системалык администраторуна милдеттендирилсин.

3.Такталган тизмедеги шайлоочулардын санына ылайык, мыйзамда белгиленген кошумча 0,1%ды эске алуу менен шайлоо бюллетендерин даярдап берүү Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук .комиссиясынан суралсын.

4.Кайра добуш берүүнүн жыйынтыктары менен №1 Арстанбап, №3 Ю.Исламов-Кош-Терек шайлоо округдарындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары чыгарылсын.

5.Кайра добуш берүү үчүн тийиштүү иш-чаралардын планын иштеп чыгуу аймактык шайлоо комиссиясынын катчысына милдеттендирилсин.

6.Бул чечимдин аткарылышын контролдоо Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы Н. Мадумаровго жүктөлсүн.

**Базар-Коргон аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы:** **Н.Мадумаров**

**Катчысы:** **Э.Жумабаева**